DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Эркинбеков К.Э.*

## МАМЛЕКЕТ ЭТНОСТУН УЮШУЛУШУНУН ЭФФЕКТИВДҮҮ ФОРМАСЫ КАТАРЫ

*Эркинбеков К.Э.*

## ГОСУДАРСТВО КАК ЭФФЕКТИВНАЯ ФОРМА ОРГАНИЗАЦИИ ЭТНОСА

*K. Erkinbekov*

## THE STATE AS AN EFFECTIVE ORGANIZATION FORM OF ETHNOS

*УДК: 316.711*

*Автордун аталган илимий макаласында мамлекет этностун уюшулушунун эффективдүү формасы катары каралат, андан тышкары анда айтылгандай, адамазаттын жашоосундагы алгачкы мезгилдерде мамлекет дайыма этникалык белгилер боюнча калыптангандыгы тууралындагы фактылар эч кандай күмөн саноолорду туудурбайт. Жалпылап айтканда бул төмөндөгүдөй схема боюнча түзүлгөн. Уруулар же уруулардын союзу өздөрүнө коңшу жайгашкан урууларды басып алуу жолу менен, аларды өз жашоо образына сиңирип алышкан. Тагыраак айтканда, акыр аягында өзүлөрүнүн тилин, маданиятын жана ушул экөөнү коштогон көрүнүштөрдүн баарын жаңы кошулгандарга таңуулашып, аларды ошол этностун толук кандуу мүчөсүнө айлантышкан. Андан кийин аларга баш ийген уруулардын жана элдердин союзу көбөйгөндүктөн, коомдун уюшулушунун жаңы, ары татаал жана туруктуу формалары талап кылынып, натыйжада ал зарылчылыктын негизинде мамлекет пайда болгон.*

***Негизги сөздөр:*** *этникалык саясат, феномен, эл, улут, эволюция, мыйзам, цивилизация, маданият, идеология.*

*В упомянутой научной статье автора государство рассматривается как эффективная форма организации этноса, кроме того, как утверждается в ней, то, что государство всегда формировалось по этническим признакам в первые периоды жизни человека не вызывает никаких сомнений. В целом он создается по следующей схеме. Племена или конфедерации племен завоевывали соседние племена и ассимилировали их в свой образ жизни. Точнее, они со временем навязывали пришельцам свой язык, культуру и все сопутствующие явления, превращая их в полнокровных представителей этого этноса. После этого, в связи с увеличением союза племен и подчиненных им народов, потребовались новые, более сложные и устойчивые формы организации общества, и в результате на основе этой необходимости возникло государство.*

***Ключевые слова:*** *этническая политика, феномен, народ, нация, эволюция, закон, цивилизация, культура, идеология.*

*In the mentioned scientific article of the author, the state is considered as an effective form of organization of an ethnos, in addition, as stated in it, the fact that the state has always been formed along ethnic lines in the first periods of a person's life is beyond doubt. In general, it is created according to the following scheme. Tribes or confederations of tribes conquered neighboring tribes and assimilated them into their way of life. More precisely, over time, they imposed their language, culture and all related phenomena on the aliens, turning them into full-blooded representatives of this ethnic group. After that, in connection with the increase in the union of tribes and peoples subordinate to them, new, more complex and stable forms of organization of society were required, and as a result, on the basis of this need, the state arose.*

***Key words:*** *ethnic policy, phenomenon, people, nation, evolution, law, civilization, culture, ideology.*

Саясат мамлекет деп аталган татаал жана көп кырдуу феномендин пайда болуу учурунан тартып ар дайым адамдардын, өзгөчө даанышман ойчулдар – Конфуций, Платон, Аристотель, Фукидит ж.б. көптөгөн ойчулдардын көңүл борборунда орун алып келген.

Эгерде мамлекет байыркы мезгилден бери эле иш жүзүндө өзүнө тийиштүү аймактарын коргоо максатында этностун уюшулушунун эффективдүү формасын камтып келген деген ойду эске алсак, анда саясий көрүнүштөргө жана процесстерге ойчулдардын берген аныктамалары маңызы боюнча этникалык кубулуштарга болгон баа берүүсү болуп эсептелет десек жаңылышпайбыз. Жогорудагы биз айткан тезис же жобо ынанымдуу жана так болуусу үчүн мамлекеттин пайда болуу тарыхына кыскача токтоло кетүүгө аракет жасайбыз.

Адамазаттын жашоосундагы алгачкы мезгилдерде мамлекет дайыма этникалык белгилер боюнча калыптангандыгы тууралындагы фактылар эч кандай күмөн саноолорду туудурбайт. Жалпылап айтканда бул төмөндөгүдөй схема боюнча түзүлгөн. Уруулар же уруулардын союзу өздөрүнө коңшу жайгашкан урууларды басып алуу жолу менен, аларды өз жашоо образына сиңирип алышкан. Тагыраак айтканда, акыр аягында өзүлөрүнүн тилин, маданиятын жана ушул экөөнү коштогон көрүнүштөрдүн баарын жаңы кошулгандарга таңуулашып, аларды ошол этностун толук кандуу мүчөсүнө айлантышкан. Андан кийин аларга баш ийген уруулардын жана элдердин союзу көбөйгөндүктөн, коомдун уюшулушунун жаңы, ары татаал жана туруктуу формалары талап кылынып, натыйжада ал зарылчылыктын негизинде мамлекет пайда болгон. Албетте, анын пайда болушун белгилүү бир өндүрүштүн, анын ичинде товар жүгүртүүнүн жалпы деңгээлинин өсүшү шарттаган. Башка факторлор менен катар (жашоо-турмуш аймагын коргоо, этиканын жана моралдын нормаларын бекитүү, узак убакыт аралыгындагы мүлктүк айырмачылыктарды ж.б.у.с. мыйзамдуу бекитүү зарылчылыгы) материалдык алакалардын өсүшү коомдук жашоонун бардык

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



чөйрөлөрүн көзөмөлгө алуучу атайын бийлик органдарын түзүүгө алып келди. Эволюциялык өнүгүүнүн негизинде бул органдар мамлекеттик жалпы түзүлүштүн курамдык бирдигине өтүшкөн жана адегенде алар этникалык мүнөзгө ээ болушкандыгы күмөнсүз. Узак убакыттар бою ушул көрүнүш этностордун мамлекетти түзүлүшүндө бекем орун алган. Байыртадан эле окумуштуулар этникалык саясий жашоонун фактыларын жана көрүнүштөрүн сүрөттөп алардын башка процесстерден болгон айырмачылыгын ой жүгүртүүгө аракет жасашкан.

Саясий маселелерге арналган алгачкы эмгектер байыркы Кытайда жазылган. Алар бүгүнкү күнгө чейин кеңири белгилүү болгон кытай философтору-Лао-Цзы (б.з.ч. VI-V кк.) жана Конфуцийдин (б.з.ч. 551-479-жж.) ысымдары менен байланыштуу. Бирок, ал окумуштуулар этика жана саясат маселелеринде карама-каршы көз караштарды карманышкан. Лао-цзы өз окууларында дао, дэ жана у вэй деген үч түшүнүктү сунуш кылган.

Даосизмдин борборунда дүйнөнүн болмуштук маңызы болуп эсептелген дао (сөзмө-сөз «жол», «сапар») тууралуу окуу турат. Графикалык жактан дао «шоу» - «баш» жана «цзоу» - «сапар тартуу» сыяктуу эки элементтен турган иероглифтин жардамы аркасында сүрөттөлөт. Бул түшүнүктүн алгачкы мифологиялык мааниси «адамдар жүрүүгө тийиш болгон жол» же гармония дегенди туюндурган. Чындыгында эле Космос, Жаратылыш жана Адам үчүн жалпы болуп эсептелген Улуу Жолду же телегейи тегиз гармонияны издөө байыркы кытай философиясы үчүн эң манилүү маселе болуп саналган. Бирок, убакыттын өтүшү менен «дао» түшүнүгүнүн мазмуну акырындык менен бир катар өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

Бул агымдын өкүлдөрү кош маанинде түшүнүлгөн дүйнөнүн жалпы негизин табууга аракет жасашкан. Чындыгында эле сезүү органдары жана адамдын акылы курчап турган чөйрөнү көптөгөн бири-биринен айырмаланган нерселерден турган чындык катары кабыл алышат (мисалы, отургуч имарат эмес, гүл таш бака эмес ж.б.у.с.). Дүйнөнүн сезүү органдарынын негизинде сүрөттөлүшү ааламдын «тумандаган көп нерселердин» жыйындысы катары сүрөттөйт. Экинчи жагынан, дүйнө акыл менен гана түшүнүүгө мүмкүн болгон биримдик, бүтүндүк болуп саналат. Ал эми акыл-эс ишмердүүлүгүнө таянган дүйнөнүн теориялык сыпатталышы баардыгы өз ара байланышта жана алакада болуп турат деп окутат. Ушу философияны карманган ойчулдардын көз карашы боюнча бир жагынан дүйнөдөгү бардык нерселер жалпы материалдуу уюткудан пайда болушкан, экинчиден, алар жаралып жана талкаланып турушат, үчүнчүдөн, алар кандайдыр бир мыйзам ченемдүүлүкө баш ийишет.

Жогоруда белгиленгендей дүйнөнүн кош сүрөттөлүшү түшүнүү жана түшүндүрүү үчүн даосизмде «дао» жана «дэ» деп аталган эки түшүнүк кеңири пайдаланылат. Лао-цзынын пикири боюнча жаратылыштын жана адамдын жашоосу «Теңирдин эрки» тарабынан башкарылбайт, ал «Дао» деп аталган табигый мыйзам ченемдүүлүктүн таасири астында өнүгөт. Дао - бул дүйнөдөгү өнүгүүнүн, өзгөрүүнүн, кыймылдын кудайдан да, адамдардан да, жаратылыштан да көз каранды болбогон табигый мыйзам. Дао мыйзамын 5 материалдуу башаттан (у) турган жана белгилүү бир формага ээ (син) табигый дүйнөдөн мурда жашаган рухий принцип катары түшүнүүгө болот.  Анын пикири боюнча баардык нерселер өнүгүп жана өзгөрүп турушат, алар өнүгүүнүн кандайдыр бир чегине келгенде зарыл түрдө өздөрүнүн карама-каршысына кубулушат. Ошондуктан, даосизм окуусунда баео диалектиканын элементтери кездешет: «дао бош жана нерселерге жык толгон; ал аракетсиз жана ошол эле учурда кыймылдуу; ал өзүнө өзүбашат жана баш аякка ээ эмес ж.б.у.с. Даону таанып билүү дүйнөнү, жаратылыштын өз алдынча өнүгүүсү менен анын түзүлүшүн билүү дегендик» [1].

Дао бир жагынан «тумандаган көп нерсеге» чейинки дүйнөнүн идеалдуу биримдиги болуп эсептелсе, экинчи жагынан, бул идеалдуу абалды реалдуулука, рухий долбоорду материалдуу чындыка которгон Мыйзам, дүйнөлүк энергия, механизм болуп да саналат. Идеалдуулуктан реалдуулука өткөндө дүйнөнүн бүтүндүгү убактылуу жоголот. «Дэ» болсо «тумандаган көп нерсе», түрүндө жашаган реалдуу дүйнөнүн абалындагы, конкреттүүнерселердеги жана адамдын иш-аракеттериндеги Даонун көрүнүшү болуп эсептелет. Ошол эле учурда Дэ даанышмандык, ырыс, маданият деген маанилерди да туюндурат.

Дао – бул жаратылыштын, адам коомунун, жеке индивиддердин жүрүш-турушунун жана ой жүгүртүүсүнүн көзгө көрүнбөгөн, жалпы жана табигый мыйзамы. Лао-цзы дүйнө кудайдан же кереметтүү күчтөрдөн эмес, табияттын мыйзамы болуп эсептелген даодон гана көз каранды деп белгилеген. Ошондуктан, бул философиялык агымдын өкүлдөрү атабабанын арбагына ишенүүнүн, асманга, жерге, дарыяларга, тоолорго, башка ыйык нерселерге табынууну жана аларга курмандык чалууну четке кагышкан.

Демек, дао – дүйнөнүн башаты жана жашоонун принциби. Лао-цзы дао эки жакту деп белгилейт. «Ысымга ээ болбогон – бул асман менен жердин башаты, ысымга ээ болгон – бул бардык нерселердин энеси». Даонун биринчи жагын ысымга ээ эмес «болбостук», б.а. кубулуштарды жараткан, эми гана материалдуу болмушка айланып бара жаткан рухий долбоор, идея, экинчисин ысымга ээ материя, же бардык нерселердин материалдуу пайдубалы түзөт. Жалпысынан, дао өзүнө рухий-материалдуу башаттарды камтыган космостук рух болуп эсептелет.

Азыркы кездеги кытай элинин курамында бири-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



биринен диалектиси боюнча алда канча алыс болгон, материалдык жана рухий маданиятынын бир катар белгилери менен айырмаланышкан этнографиялык топтор жашашат» [2, 375-б.]. Мындай ар тараптуулук маданият таанучулук көз караштa оң, ал эми саясий жаатта туруксуздук, чыр-чатактуу жана жарылуу коркунучунда болгон, ошондуктан даосизмди императивдик философия жана дүйнөлүк көз караш катары чыгарып салган.

Экинчи жагынан кытайлар жалпы рассалык чектерге, жеке жазма системага жана цивилизациялык тамырларга ээ болуу менен (Л. Пайдын белгилөөсүндө Кытай – «бул өзүн өлкө катары эсептеген цивилизация») [3, 34-б.] бир бүтүн этикага, саясий нормаларга жана институттарга багытталган жеке баалуулуктардын системасын, философиясын түзүүгө кызыкдар болушкан. Ушул максаттарга жетүү үчүн даосизмге салыштырмалуу дүйнөнү болгон билүүсүн жогорку деңгээлинде эки жүз жылдан ашуун убакыт жашаган философиялык агым – конфуцийдин философиялык окуусун айтууга болот. Анын негиздөөчүсү, философиялык концепциялардын түзүүчүсү болуп Конфуций (б.з.ч. 551-479-жж.) эсептелет. Сакталып калган тарыхый материалдарга ылайык, Конфуций 50 жашында мамлекеттик чиновник болуу аракетин көрөт, 496-жылы Лу деп аталган бир кытай падышачылыгында биринчи кеңешчи болуп шайланат. Бирок, андан кийин мамлекеттик кызматтан баш тартууга аргасыз болот. «Адептүү аристократ, ак сөөк адам» (цзюнь цзы) тууралуу окуусу Конфуцийдин философиясындагы негизги орундардын бирин ээлейт. Өз заманындагы коомдун бытырандылыгынан, адеп-ахлактыктын кулашынан чочулаган Конфуций адамды жана коомду сыйлоо аркылуу гана ишке ашкан идеалдуу адамдарды (цзюнь цзы) тарбиялоо маселелерине негизги көңүлдү бурган.

Анын шакирттери түзгөн учкул сөздөр китебинде мындай диалогду байкоого болот: «Кимдир бирөө Конфуцийден сурайт: Эмне үчүн сиз мамлекетти башкаруу менен алектенгенди каалабайсыз?». Ал жооп берет: «Ши-цзинде айтылгандай: качан баласынын урматына зарыл болсо, өзүнөн улууларга да жакшы мамиле кылып, алар менен достошуу керек, бул ийгиликтүү башкарууга жардам берет. Андай болсо башкарууга катышу үчүн мамлекеттик кызматка баруунун кажети барбы?» [4, 29-б.].

Конфуцийдин табиятындагы бийликке болгон иренжүү, коомдогу ал тууралуу жүргөн бардык ушак-айыңдар аны реалдуу мамлекеттик кызматтан баш тартууга аргасыз кылды. Бирок, мамлекеттик аткаминээрлердерден жакшы жашоо гана эмес, элдердин чоң массасы да көз каранды болгондугун айтып, аны кайра-кайра башкаруучуларга эскертип башкаруунун ырааттуу принциптерин жана калк менен болгон бирдиктүү иш-аракеттерин жөнгө салуусун дайыма сунуштап турган. Конфуций Кытайдын башка падышачылыктарын 13 жыл саякаттоо менен башкаруучуларга кытайлыктардын мурунку көп жылдык этикалык жана нравалык нормаларына негизделген өзүнүн идеяларын жеткирүүгө аракет жасаган. Белгилей кетүүчү нерсе, башкаруучулардын бирөөсү дагы реалдуу саясий ишмердүүлүктүн базасын түзгөн Конфуцийдин идеяларын алышкан эмес. Бирок, экинчи жагынан ал өзү эсептегендей байыркы кытай маданиятын сактоо жана өткөрүп берүү негизги милдетин толугу менен аткарды десек болот. Ал мурун он үч канондон турган («Шу цзин» жана «Ши цзин») деп аталган байыркынын жазма мурасын редакциялоо жана баяндама берүү менен алектенген. Бул мурас өзүнө конфуцийлик окуу тарабынан канондоштурулган жана Кытайда XX кылымдын башталышына чейин салттуу философиянын, илимдин, билим жана илимий даражаларды, расмий кызмат орундарын алуудагы системанын негизи болгон байыркы кытай идеологиясынын эстеликтеринин толук топтомун камтып турган.

Философиялык система катары пайда болгонунан күнүнөн тартып бул агым аң-сезимдүү социалдык-этикалык багыттуулугу жана бийлик аппараты менен жуурулушуп кетүү аракети менен айырмаланган. Бул философия жараткандан берилген бийликти үй-бүлөөлүк-уруулук категорияларынын жардамы менен түшүндүрүүгө аракет кылган: падыша - «асман баласы» ошол эле мезгилде «элдин атасы жана энеси». Мамлекет, коом жана социалдык процесстердин ортосундагы байланыштар – негизи үй-бүлөлүк системадагы, өзгөчө ата менен баланын, инсандар ортосундагы терең сый-урматка негизделген мамилеге дал келиши керек. Конфуцийдин пикири боюнча мамлекеттик жашоонун байрдык чөйрөлөрүнүн негизинде түзүүчү принциптер иштелип чыгуусу зарыл. Анын оюу боюнча кандай пикирлер болуусу керектигин төмөндөгү мисалдан ачык көрүүгө болот.

Конфуций жогоруда белгиленгендей, өзүнүн акылмандуулугуна карабастан ал мамлекеттик чиновник карьерасына жете алган эмес; анын кеңештерин заманындагы башкаруучулар колдонушкан эмес, муну менен биз Конфуцийди аңкоо жана анын кеңештеринде тажрыйбалык баалуулуктар жокко эсе дегенден алыспыз. Бирок, Конфуцийлик ички байланыштардын жана коомдук жашоонун көрүнүштөрүнүн маңызын жетишээрлик так илип алып, негизги кыймылдаткычы үй-бүлө болгон кытай этникалык менталдуулугу жана баалуулуктар системасы тууралуу так маалыматка ээ болуп, келечекте Кытайдын нравалык жана саясий жашоосу үчүн эстетикалык-этикалык, философиялык-идеологиялык негиз болуп кала берди.

Улуу немец философу Ф. Ницше байыркы грек философунун психологиялык тибин мүнөздөө менен мындай деп жазат: «Мифтен нурун кайда чачпасын,

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



ошол жакта гректердин жашоосу жаркырап турат; башка учурларда ал күңүрт, жаркындыкка ээ эмес. Грек философтору ушул мифтен өзүлөрүн ажыраткан; алар күн нурунан качып түн, караңгы жерге качкан сыяктуу. Бир дагы өсүмдүк жарыктан качпайт; маңызында бул философтор андан да жарыгыраак күндү издешкен; миф аларга жетишээрлик таза, жаркырап тургандай сезилген эмес. Алар бул жарыкты өзүлөрүнүн таанымынан издешип, алардын ар-бири өзүнүн «чындыгы» деп аташкан…[5]. Бул философтор өзүлөрүнө жана өзүлөрүнүн «реалдуулугуна» болгон катуу ишенимине ээ болушкан; алардын ар-бири аскердик жана зордук-зомбулуктуу тиран болушкан.

Демек, сонунда айтаарыбыз, байыркы гректер, жашоо-турмушуна көптөгөн башкаруу формаларын, тиранияны (эгер ал орногон болсо) киргизүүгө аракет кылышкан, бирок ал ийгиликсиз болгон. Ошол эле учурда, эске ала кетүүчү нерсе, эгерде тирания руханийликтин көрүнүшү катары жалпы чек болуп эсептелбесе, бирок окуянын жүрүшүнө таасир берүүгө жөндөмдүү жетишээрлик көп сандагы элдерге таандык болсо. Анда ал белгилүү бир кырдаалдарда башкаруунун башка формаларына, айтсак саясий жашоого алып келет жана аны социумдун ичиндеги күчтөрдүн өзгөчө балансы катары каралат. Демократия мындай мааниде толугу менен тең салмактуулуктун таразасы деп бааланышы абзел. Көптөгөн тирандар мамлекет менен коомдун салыштырмалуу туруктуулук абалына кепилдик берүүгө жөндөмдүү. Натыйжада диалектикалык мүнөзгө ээ бардык коомдук процесстер белгилүү бир компромисске, макулдашууга келишет. Грециядагы кээ бир көз караштардын системасы, башкаруунун формасы, эффективдүү саясий курал жана институт катары калыптанган демократия өзүлөрүнүн укуктарын коргой алышкан көп сандагы чаналаш жана тең тайлашкан саясий күчтөр катышкан коомдо гана реалдуу мүмкүн боло турган феномен. Демек, демократия бардык көрсөтүлгөн маанилеринде, дегеле тиранияның өзүжана полистердин ичиндеги коомдук күчтөрдүн реалдуу пропорцияларынан көз каранды түрдө жана сырткы кырдаалдардын таасири астында орнотулган анын башкаруусунун бардык формалары Байыркы Грецияда гректерге таандык болгон тираниялык рухта пайда болушу толук мүмкүн деген бүтүм чыгарууга болот.

**Адабияттар:**


1. Запад и Восток. Традиции и современность [Текст] // Курс лекций для негуманитар. специальностей. – М.: Общество «Знание» РФ, 1993.
2. Брук С.И. Население мира [Текст] / С.И. Брук // Этнографический справочник. – М., 1986. - 375-б.
3. Хантингтон С. Столкновение цивилизаций? [Текст] / С.Хантингтон // Полис. 1994. – №1. - 34-б.
4. Очерки истории Китая с древности до «опиумных войн [Текст] // Под ред. Шан Юэ. – М., 1959.
5. Ницше Ф. Человеческое, слишком человеческое [Текст] / Ф.Ницше // Соч. в 2-х т. – Т. 1. – М., 1997.
6. Мамытов Т.Б. Структуры этноса. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 10. С. 242-244.